«Макулдаштырылды»

№1 педкенештин чечими

2020ж

«Бекитемин»

Б. Маленов орто мектебинин

мудуру: Сманалиева Ж.С.

______________

**Байдылда Маленов орто мектебинин Түзүмдүк бөлүмдөрү жөнүндө Жобо**

**1. Жалпы Жоболор**

1.1. Бул Жобо мектептин билим берүүчү жана чарбалык түзүмдүк бөлүмдөрдүн иши башкаруу, окуу бөлүгү, тарбиялоо иши, окуу-көмөкчү бөлүк, педагогикалык кызмат, коопсуздук. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1995-жылдын30-сентябрындагы №404 "Билим берүү мекемелеринин болжолдуу типтүү штаттарын бекитүү жөнүндө, " Билим берүү жөнүндөгү"
мыйзамдарынын, жалпы билим берүү уюму жөнүндө Типтүү Жобо, мектептин Уставынын, мектептин ички эмгек тартибинин Эрежеси мектептин штаттык расписаниесинин негизинде иштетилип чыкты.

1.2. Мектептин ишмердүүлүгүндө түзүмдүк бөлүктөр билим берүүнүн натыйжалуулугун жөнгө салат.

1.3. Түзүмдүк бөлүмдөр юридикалык жак болуп эсептелишпейт, алар үчүн окуучуларды окутууну жана тарбиялоону сапаттуу камсыз кылуу, алардын мектеп жашоосунда өмүрүнүн коопсуздугун алдын алуу.

1.4. Түзүмдүк бөлүктөр мектеп кызматкерлеринин, окуучулардын саламаттык сактоону натыйжалуулугун жогорулатуу.

1.5. Мектеп түзүмдүк бөлүктөрдү түзүүдө төмөнкү уюштуруу талаптары жетекчиликке алат:

- окуучуларды сапаттуу окутууну жана тарбиялоону камсыз кылуу;
- коюлган милдеттерди ишке ашыруу үчүн, түзүмдүк бөлүмдүн материалдык базасы болушун;
- түзүмдүк бөлүмдөрдүн техникалык жабдылышы, окутуу усулдук материалдар жана китептер менен камсыздоо;
- эмгекти коргоо, коопсуздук, санитардык-гигиеналык талаптар;

1.6. Саламаттык сактоонун натыйжалуулугун жогорулатуу, кызматкерлердин жана окуучулардын ден соолугуна кам көрүү;

1.7. Жалпы ата-энелер комитети - мектептин коллегиалдык органы болуп эсептелет.

- ата-энелерди мектепке тартуу;
- окуу-тарбия процессинин жүрүшүндө мектеп, ата- энелер, коомчулук тыгыз байланышта болуу;

**2. Башкаруу жана түзүмдүк бөлүктөрү**

2.1. Төмөнкү түзүмдүк бөлүктөр окуу-тарбия процессин камсыздайт:

- мектепти башкаруу ишмердүүлүгүн уюштуруу жана көзөмөлгө алууну директор жүргүзөт;
- окуу бөлүмүн уюштуруу жана көзөмөлгө алууну окуу бөлүм башчысы жүргүзөт;
- тарбия иштерин, коопсуздукту уюштуруу жана көзөмөлгө алууну уюштуруучу жүргүзөт;

- социалдык кызмат окуучулардын психологиялык, жекече инсандык, жекече эрк, кулк- мүнөздөрүнүн, өзүн – өзү баалоосуна, социалдык аныкталышына калыптандыруу жана өнүктүрүү;
- окутуу - көмөкчү бөлүгүн уюштуруу жана көзөмөлгө алуу чарба иштери боюнча директордун орун басары, китепкананы жетектөөчү, кухняны жетектөөчү, канцелярия жүргүзөт
;2.2. Мектептин башкаруу менен өзүн - өзү башкаруу уюмунун ишмердүүлүгүнүн айкалышы уюштуруунун негизи башкаруу процессиндеги демократиялуулук, мыйзамдуулуктун прициптери, эркин жана жамааттык оюн айтуу, талкулоо, сунуштоо, чечим чыгаруу. Мектеп администрациясы жана жамааттыналдыга койгон максаттарга жана милдеттерге жетүүсү,
ишке ашуусу.
- эмгек жамаатынын жыйыны – эмгек жамаатынын жогорку органы, эмгек жамаатынын жалпы маселелерин карайт мектептин ички эмгек тартибинин Эрежелерин, жамааттык келишим, эмгектик талаш- тартыш;
- педагогикалык кеңешме – педагогикалык өзүн-өзү башкаруудагы жогорку орган, мүчөлөрү бардык мугалимдер, төрайымы - мектептин директору. Педкеңешмеде негизги окуу – тарбия процессиндеги педегогикалык жана усулдук маселелер, көгөйлөр, окуучулардын күнүмдүк, чейректик, жылдык жана жыйынтык аттестациялары каралат;
- жалпы мектептин ата-энелер комитети – ата-энелердин өзүн-өзү башкаруусундагы жогорку орган, мектептин Уставындагы мектеп башкаруусунун коллегиалдык органы. Ата – энелер комитети коомдук орган педагогикалык кеңешме, администрация, окуучулардын өзүн- өзү башкаруу уюму менен тыгыз байланышта болуп, мектепти башкарууда катышат, билим берүү процессинде, мектептен тышкаркы ишмердүүлүктө мугалимдерге, мектептин жашоосунда окуучуларга социалдык кам көрүүгө, коргоого, көмөк көрсөтөт. Ата – энелерди мектептин окуу – тарбия процессине тартат жана байланыштырат.
- окуучулардын өзүн – өзү башкаруу уюму – өзүн – өзү башкаруучу коомдук уюм, окуучулардын кызыкчылыктарын, окуу – тарбия процессинде катышууга жоопкерчиликтерин жогорулатуу, мектептин жашоосунда өз алдынча демократия принциптерининин негизинде маселелерди чечүүгө, чыгармачылык шыктарын, балдар кыймылынын социалдык өнөктөштүгүн өнүктүрүү;
2.3. Окуу бөлүгү мектептин структуралык бөлүгү болуп саналат жана мектептин
- окуу - усулдук иштерди пландаштыруу, уюштуруу, эсепке алуу жана текшерүү;
- мектептин окуучуларын сапаттуу даярдоону камсыз кылуу, мектеп окуучуларын чыгаруу;
- билим берүү программаларын жүзөгө ашыруу;
2.4. Тарбия иштери мектепти тартип менен камсыз кылат, класстык жетекчилердин усулдук бирикмелери, өзүн – өзү башкаруу уюму, окуучулардын кызыкчылыктарын коргогон, социалдык активдүүлүктөрүн, балдардын физикалык ден соолуктарын, маданий ден соолуктарын, коомдун баалуулуктарын, инсандык потенциалын өнүктүрүүгө, алдын алуу
ишерин, укук бузууларды алдын алуу, көзөмөлсүз калууну, баңги заттарды колдонбоого иш жүргүзүү.
2.5. Окутуу – көмөкчү бөлүк чарбачылык, китепкананын ишин, башталгыч класстарында тамак уюштуруу иштерин өз иштерине камтыйт.
2.6. Окуучулардын жана кызматкерлердин көз карашты калыптандыруу, коопсуздукка артыкчылыктуу маани-маңызын камсыз кылат.

**3. Түзүмдүк бөлүмдүн максаттары жана милдеттери**

3.1. Мектептин түзүмдүү бөлүктөрүнүн негизги максаттары билим берүү программаларын, негизги башталгыч, жалпы негизги жана орто жалпы билим берүүгө, окуучулардын, тарбиялануучулардын ден соолугунун, өмүрүнүн коопсуздугун коргоо, психикалык, физикалык ( дене бой) өнүгүшүнө оптималдуу шарттарды түзүү.
3.2. Түзүмдүк бөлүмдөрдүн негизги милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:
- мамлекеттик билим билим берүү стандарттарындагы окуучуладын компетенттүүлүгү;- окуу программаларын өздөштүрүүнүн негизинде окуучулардын жалпы маданиятын калыптандыруу;
- бүтүрүүчүлөрдун билим деңгээлин андан аркы уланмалуулугу;
- окуучулардын өмүрүнүн коопсуздугу жана ден соолугун коргоо, сергек жашоону үгүттөө;
- билим берүү процессин инновациялык технологиялар менен өнүктүрүү;
- окуучулардын тиешелүү билим деңгээлине жетүүсү;
- акыл-эстүү тандоо жана кийинки өнүктүрүү үчүн негиз берүү;
- билим берүү процессинин катышуучуларына эмгекти коргоону жана жарандардын жашоо-турмушун камсыз кылуу;
- билим берүүнүн катышуучуларынын ден соолугун сактоо үчүн шарттарды түзүү;
- коомдогу жашоого окуучуларды калыптандыруу;
- окуучуларды жарандуулукка, балдардын укуктарын урматтоого тарбиялоо;
- Ата-Мекенди, үй-бүлө, эркиндик, курчап турган чөйрөнү сүйүүгө, эмгекке окуучуларды тарбиялоо;

**4. Түзүмдүк бөлүмдүн билим берүү иши**

4.1. Түзүмдүк бөлүмдөрдө билим берүү процессин уюштуруу, окуу планы, сабактардын жүгүртмөсүнүн бекитилишинин негизинде башкарылат.
4.2. Администрация окуу пландарынын жана программаларын аткарылышына жетекчилик кылат жана көзөмөлдөйт.
4.3. Билим берүү процессин уюштуруу, окуу процессинин иштөө режими мектептин Уставы, локалдык ченемдик- укуктук актылары менен аныкталат.

**5. Мектептин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн функциялары**

5.1. Мектепти башкаруу боюнча түзүмдүк бөлүм өзүнүн иш-аракеттери аркылуу:
- эмгек жамаатынын жыйыны ( мындан ары – ЭЖЖ) , жылына 2ден кем эмес чогулат. Чогулуштун демилгечиси болуп уюмдаштыруучулар, мектептин директору чакырат.
Мектептин ЭЖЖ жамааттын жарымынан көбү катышса, өтө берет, чечимге жарымынан көбү добушун берсе чечим кабыл алынат. Мектептин ЭЖЖ: жамааттык келишим, ага өзгөртүү, толуктоо киргизүү, директордун жамааттык келишимдин аткарылышы боюнча отчетун угат;
жумуш берүүчүгө жамааттык талаптарды коет, жабык жол менен добуш берет;
- педагогикалык кеңешме (мындан ары- педкеңешме), мектептин өзүн – өзү башкаруу органы болуп саналат, окуу- тарбия процессинин ишмердүүлүгүнүн негизги маселелерин карайт.
Педагогикалык жамааттын бардыгы педкеңешменин өкүлдөрү, төрайымы мектептин директору болот. Педкеңешменин чечими көпчүлүк добуш менен чыгат, добуш берүүдө каршы, макул тең болуп калса,төрайымдын добушу чечет. Жылына педкеңешме 4 кем эмес өткөрүлөт. Жыл ичиндеги кичинекей көлөмдөгү маселелер кичи педкеңешмелерде каралат.
Педкеңешме билим берүү процессиндеги окуу пландарын, окуу программаларын, окуу китептерин, окуу формаларын, билим берүү программаларын, окутуу ыкмаларын, усулдарын талкуулайт, тандайт, сунуштайт жана ыкмаларын аткаруу

каралат, педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу, чыгармачылыктарын өнүктүрүү, алдыңкы педагогикалык тажрыйбаны жайылтуу, тажрыйбалуу – эксперименталдык багытты аныктоону; окуучулардын билимин баалоо; окуу жылындагы чейректик аттестациялоону өткөрүү чечимин чыгарат, окуучуларды класстан класска көчүрүү чечимин чыгарат;
- жалпы мектептин ата – энелер комитети, билим берүү процессиндеги оптималдуу шарттарды камсыздоого, клаасстык ата – энелер комитетинин ишмердүүлүгүн жетектейт, ата – энелерге ( мыйзамдуу өкүлдөргө) балдардын укуктары, милдеттери боюнча түшүндүрүү, консультациялык иштерди жүргүзөт, мектептен тышкаркы иш – чараларды өткөрүүгө таасирин тийгизет, жаңы оокуу жылына мектепти даярдоо иштерине катышат, башталгыч класстарында тамактын берилиши, сапатына администрация менен бирге көзөмөл жүргүзөт, мектептин коопсуздук иштерине, санитардык – гигиеналык эрежелердин сакталышына, педагогикалык жамаат менен өспүрүмдөрдү укук бузууну, көзөмөлсүз калууну алдын алуу иштерине таасир тийгизет;
- окуучулардын өзүн – өзү башкаруу уюму, окуучулардын мектеп жашоосундагы маселелер боюнча ойлорун үйрөтөт жана калыптандырат, мектепти башкарууда окуучулардын позициясын сунуштайт, окуучулардын ар турдүү багыттагы ишмердүүлүгүн ишке ашырат, мектеп көгөйлөрүн чечүүдө катышат, окуутуу процессинин катышуучуларынын кызыкчылыктарын, окуучулардын укуктарын коргоого көмөктөшөт;
5.2. Окуу бөлүгү боюнча түзүмдүк бөлүнүш мектептин ишин учурдагы жана келечектүү пландаштыруу, педагогикалык кызматкерлердин ишин жетектейт, мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарынын аткрылышын, окуу-усулдук жана башка документтерди иштеп чыгат, жаңы заманбап технологияларды сабакта үйрөнүүгө, колдонууга, иштетип чыгарууга, алдыңкы тажрыйбаны жайылтууга көмөк берет, окуучуларын билимин объективдүү баалоо, билим сапатын өстүрүүгө багытталган иштерди жүргүзөт, окуучулардын даярдык деңгээлин, ийрим иштеринин натыйжалуу берилишин жөнгө салат, жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны жүргүзөт.
5.3. Усулдук кеңеш, предметтик усулдук бирикмелер билим берүү процессин усулдук жактан камсыздайт, педагогикалык кызматкерлерге инновациялык программа, технологияларды үйрөнүү жана иштетип чыгарууга көмөктөшөт, окуу – тарбиялык, усулдук, маданий – массалык, класстан тышкаркы иштерди өз убагында пландаштыруу, өткөрүү жана отчет документациясын берүү, педагогикалык адистерди тандоо, жолго салуу, педагогикалык квалификациясын, чеберчилигин өстүрүү, жогорулатууну уюштурууга, окутуу лабораторияларын, класс- кабинеттердин заманбап технологиялар менен жабдылышын, окутуунун техникалык каражаттар менен камсыздалышын, окутуучу усулдук, көркөм адабий, мезгилдүү адабий китептер, көрсөтмө куралдардын иштетилип чыгышына катышат.
5.4. Тарбия иштери боюнча түзүмдүк бөлүм мектептин тарбия процессин камсыздайт жана жетектейт, мектепке социомаданиятты жайылтат, окуучулар менен жекече иштөө, педагогикалык колдоону көрсөтүү, окуучулардын социалдык көйгөйлөрүн чечүү, окуучулардын өзүн – өзү башкаруу уюмунун ишине көмөк көрсөтүү, окуучулардын укук бузууларын, жүрүм – турумдарын, алкоголдук ичимдик, тамеки тартууну алдын алуу иштерин КДН, ИДН кызматкерлери менен жүгүзөт. Окуучуларды Ата Мекен, үй бүлөнү, эмгекти сүйүүгө тарбиялайт. Окуучуларга турмуш тиричиликтин коопсуздугу, социалдык, техногендик, жаратылыш кырсыктарынын келип чыгуу себептери, жолдо жүрүү, техникалык

эрежелери, өрт коопсуздугун жарандык коргонуу, балдардын жол –транспорттук сынык, кырсыктарын алдын алуу иштерин жүргүзөт.
5.5. Социалдык кызмат көрсөтүү түзүм бөлүгүнүн кызматы:
- окуучулардын психологиялык климатын өнүктүрүүгө шарт түзөт;
- окуучулардын жеке инсандык жана толук психикалык өнүгүшүн камсыздайт;
- эмоционалдык, интеллектуалдык, эрк кулк – мүнөздөрүн жана инсан катары жекече өзгөчөлүктөрүн калыптандырат;
- келечектеги эмгек ишмердүүлүгүнө окуу мотивациясын калыптандырат;
- окуучулардын жашоодо өзүнүн ордун табууга, социалдык жана кесиптик багытта өзүн –өзү аныкташына психологияны калыптандырат;- окуучулардын жекече жана таануу чөйрөсүндө өнүгүшүн динамикалык байкоо жүргүзөт;
- окуучулар арасындагы тартиби оор, мүнөзү оор балдар менен жекече иштерди жүргүзүү;
5.6. Окуу-көмөкчү бөлүгүнүн түзүмдүк бөлүнүшү окутуу – тарбия процессин камсыздайт:
- мектептин ички бөлүгүнүн, аянтынын тазалыгын, жаңы окуу жылына оңдоо - түзөө иштерин жүргүзөт, күзгү – кышкы от жагуу мезгилине даярдайт, материалдык баалуулуктар, жабдуулар боюнча отчет, инвентаризация жүргүзөт, техпесоналдарга коопсуздук эрежелери, эмгектин коголушу боюнча инструктаж өткөрөт, жуулучу каражаттар менен камсыздайт,
колдонулуучу суу жана энергоресурстарга, санитардык – гигиеналык талаптарга жооп берет;
- мектепте башталгыч класстарында тамактын уюштурулушуна, кухнянын санитардык – гигиеналык талаптары, тамактын сапаттуу , таза берилиши боюнча иш жүргүзөт;
- окуу процессинде китепкана, окуучуларды окуу, көркөм адабий китептер, педагогикалык кызматкерлерди окуу – усулдук китептер камсыздайт, балдардын инсандык сапаттарынын өнүгүшүнө багыттаган, окуу программаларынан сырткаркы , кошумча көркөм адабий китептерди топтойт, китептердин сакталышы, эсебин жүргүзүү, инвентаризация иштерин жүргүзөт;
- канцелярия – архив иши мектептин кызматкерлерин кабыл алуу, жумуштан бошотуу, окуучуладын башка мектепке которулуусу, окуудан чыгаруу буйруктарына ылайык иш жүргүзөт; кызматкерлерди кабыл алуу, кесиптик иш боюнча кат-кабарларды жөнөтүү жана аларды аталышы боюнча зарыл болгон жерге жеткирүү, документтерди каттоо, эсепке алуу жана сактоо боюнча мамлекеттик көзөмөлдөөнү жүргүзөт, ишин номенклатурасынын иштетилип чыгышын, архивке документтерди сактоо берүү, материалдарды өткөрүү, командировка документтерин даярдайт.

**6. Мектептин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн өз ара аракеттенүүсү**

6.1. Мектептин түзүмдүк бөлүкчөлөрүнүн өз ара аракеттенүүсү окуу процессинде окуучуларды сапаттуу окутууну жана тарбиялоону камсыз кылууга багытталган, билим берүүнү жаңылоо, окутууда маалыматтык, жаңы технологияларды, инновациялык программаларды,
интерактивдүү усулдарды пайдаланууну толук кандуу камсыздоо. Мектептин окуу – тарбия планы, мектептин өнүктүүнүн стратегиялык прогаммасы, финансы – чарбачылык, мектептин буйрук, тескемелери түзүмдүк бөлүмдөрүнүн өз ара макулдашылган аракеттенүүсүнүн системалуу байланышы менен камсыздалат.

**7. Мектептин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жоопкерчилиги**

7.1. Түзүмдүк бөлүмдүн жетекчиси жана анын башка кызматкерлери төмөнкү жоопкерчиликти тартышат:
- өз милдеттерин мыйзамдарга ылайык аткарбагандыгы же талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн жазалар;
- укук бузуулар жарандык, административдик жана кылмыштык колдонуудагы мыйзамдарга ылайык жазалар;
- материалдык зыян келтиргендиги үчүн колдонуудагы мыйзамдарга ылайык жазалар